Кабыл алынды:

№__1__пед.кеңешме

«01»__09__20 22 жыл

Бекитемин:

Мектеп директору

А.К Молдокулова

**Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектебинин ички көзөмөлдөөнүн жобосу**

**максаттары:**

- Мектепти мындан ары өнүктүрүү максатында ББ мамлекеттик стандартынын талабына педагогикалык процессинин өнүгүүсүнүн, функциялардын аткарылышынын дал келүүсүн аныктоо, байкоо, себеп натыйжаларын корутундулоо.
- Окуучулардын жеке жөндөмүн алардын кызыгуусун, билим алуучулук мүмкүнчүлүгүн, ден соолук абалын эске алуу менен, окуу-тарбия процессин мындан ары өнүктүрүү.
- Окуучулардын билим алуу потенциялык аныктоо жана ишке ашыруу.
- Окуучулардын өз оюн эркин билдирүүсү, өзүн-өзү өнүктүрүүсү үчүн шарт түзүү менен, окуучулардын өнүгүү (өсүү) динамикасына байкоо жүргүзүү.
- Мектептин окуу процессинин айрым звенолорундагы кыйынчылык жана жетишпестиктерди аныктоо. Педагогикалык коллективге тааныштыруу, үлгү кылуу максатында мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын изилдөө, үйрөнүү.
- Мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү.

**Мектеп ичиндеги көзөмөлдөөнүн милдеттери:**

- Окуу- тарбия процессинин диагностикасынан, программалаштырылган натыйжалардан келтирилген катачылыктарды, алыстап кетүүлөрдү аныктоо:
- Билим берүү мыйзамдуулуктарын аткаруу боюнча контролду жүзөгө ашыруу;
- Окуучуларды билим алуудагы билгичтигин, көндүмдөрүн өнүктүрүү маселесине болгон жоопкерчилигин калыптандыруу;
- Тартип бузуучулукту, укуктук – ченемдик актыларды, же башка мыйзамдуулукту аткарбоочулуктарды аныктоо, ал кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар көрүү;

- Кружок, жекече иш-аракет жана кошумча билим берүүдөгү мугалимдин сабак учурундагы андан сырткары иш-аракеттериндеги бирдиктүүлүктү камсыздоо;
- Орчундуу себепсиз сабак калтырышкан мугалимдердин окуучуларынын программалык өздөштүрүүсүнүн деңгээлин аныктоо
- Башталгыч класстардын жана предметтик мугалимдердин жаңы интенсивдик усул, ыкмаларды практикасында пайдалануу жоопкерчилигин көтөрүү;
- Мектеп документациясын жүргүзүү, анын абалы боюнча контролдоо системасын өнүктүрүү;

**Ички көзөмөлдөөнүн функциялары**

- Маалыматтык-аналитикалык
- Контролдук-диагностикалык
- Оңдоп- түзөөчүлүк

**Ички көзөмөлдөөнүн формалары**

- Обзордук
- Персоналдык
- Класстык-жалпылоочу

**Ички көзөмөлдөөнүн принциптери**

- Ак көңүлдүүлүк
- Өз ара сыйлашуу
- Өз ара жардамдашуу
- Салыштырмалуу-аналитикалык мамиле
- Усулдук багыттулук

**Көзөмөлдүн усулдары**

- Байкоо
- Анализ
- Аңгемелешүү
- Документацияны окуп үйрөнүү
- Анкетирлөө